**«Бекитемин»**
**Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф.и.д., академик А.Акматалиев**

**«__21__» ______ноября______2024-жыл**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин**

**№ 7 ПРОТОКОЛУНАН көчүрмө**

2024-жыл, 21-ноябрь, Бишкек ш.

**КАТЫШКАНДАР**: Кадырмамбетова А.К. – ф.и.д., төрайым, Акматалиев А.А. – ф.и.д., академик, Нарынбаева Н.О. – ф.и.д., Койлубаев К.К. – ф.и.д., Көлбаева М.К. – ф.и.д., Исаева А.К. – ф.и.к., Ыйсаева Н. – ф.и.к., Тойчубек кызы Ж. – ф.и.к., Өмүралиева Ж. – ф.и.к., илимий кызматкерлер: Арипов С., Эшматов Р., Тургунбаева Ж., изденүүчү: Садыров М.Т. – ф.и.к.

**КҮН ТАРТИБИ:** «Адабият» бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, ф.и.к. Садыров Муратбек Тентиевичтин **«Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү»** аттуу темадагы филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын талкуусу.

**УГУЛДУ:** Төрайым, ф.и.д. – А.К.Кадырмамбетова: Урматтуу кесиптештер, Окумуштуулар кеңешинин күн тартибине «Адабият» бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, ф.и.к. Садыров Муратбек Тентиевичтин «Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» аттуу темадагы филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын талкуусу коюлган. Аталган диссертациялык иштин негизги мазмунун айтып берүү үчүн, алгачкы сөз диссертантка берилет.

**Диссертант, ф.и.к. М.Т.Садыров:** Саламатсыздарбы, Урматтуу диссертациялык ишти талкуулоого катышып жаткан агай-эжейлер, кесиптештер.

«Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» аттуу диссертациялык иштин темасы 2003-жылы эле бекитилип, ошол мезгилден бери ушул багытта изилдөө иштери жүрүп келе жатат. Диссертациялык иш киришүүдөн, ар бири үч параграфты камтыган төрт баптан, корутунду жана адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациялык изилдөөнүн киришүү бөлүмүндө, аталган иштин актуалдуулугу, изилдөө ишинин максат, милдеттери жана андан алынган натыйжа-жыйынтыктар, жаңычылдыгы сыяктуу маселелерге көңүл бурулат.

Диссертациялык иштин 1-бабы **«Кыргыз адабияттаануусунун илимий-методологиялык маселелеринин изилденишинин тарыхы»** - деп аталып 3 параграфтан турат. «Кыргыз адабияттаануусунун фольклордук булактарынын изилдениши» деген 1-параграфта кыргыз адабияттаануусунун адабий чыгармачылык жана илимий изилдөө иштеринин илимий-методологиялык маселелерине көңүл бурулду.

Дегеле кыргыз адабияттаануусунун жаралышынан тартып анын калыптанышы жана өнүгүшү мезгилдик да, чыгармачылык да жактан өтө узак тарыхый жолду басып өткөндүгү белгилүү. Адабияттаануунун тарыхынын, теориясынын, сынынын жана алардын адабий булактаануу, текстология, библиография, салыштырма адабияттаануу, ыртаануу жана башка кошумча дисциплиналарынын бүтүндүгүнөн турган илимий предмети кыргыз адабияттаануусунун профессионалдык жазма адабияты калыптанып баштаган мезгилдерге чейин көбүнесе бири-бирине карата синкреттүү түрдө өнүгүп келгендиги белгилүү. Мындан улам кыргыз адабиятынын негизги жана кошумча предметтеринин илим таануучулук процесси анын профессионалдык жазма адабиятынын калыптанышынан кийин гана ырааттуу болбосо да акырындык менен илимий-изилдөөчүлүк жолуна түшүп баштагандыгын көрөбүз.

Байыркы грек поэзиясын изилдөөчү Мартин Личфилд Уэст: «адабиятты изилдөөнүн белгилүү бир универсалдуу ыкмасы жок экендигин белгилеп келип, изилдөөнү адабий булактарга жараша эң ылайыктуу ыкманы колдонуу зарыл экендигин» белгилейт. Дегеле бардык адабий кубулуштарга карата жалпы колдонула турган бирдиктүү, кынтыксыз методологиялык ыкма жок экендигин, жергиликтүү да, чет элдик да адабиятчылар белгилеп жүрүшөт. Бул багытта коюлган суроолор, диссертациялык иштин негизги предметине байланыштуу изилдөөнүн процесси даана көрсөттү десек болот.

Ошол эле учурда кыргыз адабияттаануусунун пайда болушунун жана өнүгүшүнүн парадигмаларынын грекчеден которгондо үлгү, модели дегенди түшүндүрөт, ырааттуу түрдө өзгөрүлүү процесси менен түздөн түз байланыштуу экендигин белгилесек болот. Мындайча айтканда, чакан жанрлар улам кийинки адабий жанрлардын жаралышынын үлгүсүнө жана моделине айланып жүрүп отурат десек болот. Бул процесс формалык жана мазмундук жактан улам калыптануунун жана өнүгүүнүн жолунда болот.

Дүйнөлүк адабияттаануудагы илимий парадигмалар бири-экинчисин алмаштыруу менен катар көпчүлүк учурларда жанаша жашап, мезгил-мезгили

менен жаңы формага өтүп, улам кийинки чыгармачылык жана илимий жетишкендиктерди аныктап жүрүп отурган десек туура болот. Ошондуктан, материалдарды анализдөөнүн принциптери, илимий теориялардын жана методдордун жыйындысы катары динамикалуу түрдө өнүгүп келген интеллектуалдык адабий сындын калыптанышы менен коштолгондугун айтып коюу зарыл. Чет элдик жана жергиликтүү адабияттаануунун алкагында калыптанган илимий парадигмаларга карата алардын теориялык-методологиялык базасы түптөлгөндүгү белгилүү.

Кыргыз адабияттаануусунун түпкү адабий башаттарын аныктоодо герменевтика парадигмасы поэтика парадигмасынын маселелерин андан ары тереңдүүгө илимий-метолодогиялык ыңгайлуу шарттарды жараткандыгы да белгилүү. Мисалы, поэтика парадигмасы, мурунку адабий жанар кийинкисинин калыптанып калган адабий үлгүсү катары кийинки өнүктүрүлгөн жанрынын пайда болушуна шарт түзүп берет. Ал эми герменевтика парадигмасы, ата-бабадан калган тексттерди чечмелөөгө багытталып, ар бир улуттук адабияттын башаттарын аныктоого ыңгайлуу илимий-методологиялык ыкмага айланган эле. Мындай тексттердин катарына биринчи кезекте, Энисей-Орхон руникалык жазууларын алууга болот. Бул багытта алганда, «Байыркы грек философунун жана филологунун бардык көзкараштары жана корутундулары улуттук көркөм практикага негизделген...» - деп, ар бир элдин адабияттаануусунун башаты өзүнүн элдик фольклордук чыгармачылык тажрыйбаларынын өзөгүндө изилденип баштагандыгын орус адабияттаануучусу А.С.Курилов баса белгилейт.

Бул жерден өзгөчө белгилей турган нерсе, фольклордук чыгармачылык бул жеке эле сөз өнөрүн белгилебестен, ал ошондой эле элдик музыканы, бийди, сүрөттү, кол өнөрчүлүктү жана башкаларды өз ичине камтыган синкреттүү искусство болуп эсептелет. Ошондуктан, оозеки чыгармачылык кезегинде дайыма элдик музыканын, бийдин, обондун (хордун) коштоосунда аткарылып келген. Сөз өнөрүнүн булардан бөлүнүп чыгышы менен адабий чыгармачылыктын өз алдынча калыптануу процесси башталган десек болот.

Кыргыз адабияттаануусунун жаралышынан тартып анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн маселелерин изилдеп чыгууда, кыргыздардын байыркы фольклордук адабиятынан баштап анын профессионалдык адабиятка чейинки узак тарыхый жүрүшүн илимий-методологиялык негизде иликтөөдө, биринчи кезекте элибиздин жана дүйнө элдеринин байыркы адабий-фольклордук салттарына байланыштуу изилдөөлөрдүн жергиликтүү жана чет элдик фольклортаануучулардын, адабияттаануучулардын эмгектери баа жеткис булак катары пайдаланылып, кезегинде алардан туура жыйынтыктарды чыгаруу аракети жасалды.

Экинчи бап **«Кыргыз адабияттаануусунун фольклордук, орток колжазма жана акындар чыгармачылыгындагы адабий башаттары»** деп аталат.

**«Кыргыз адабияттаануусунун фольклордук башаттары»** деп аталган 1 - параграфында кыргыз адабияттаануусунун пайда болуп жана калыптануу жолуна түшүүдөгү түпкү башаттарына, булактарына кайрылып анын негизги өзөктүү маселелери каралат. Байыркы доорлордо эле пайда болуп калыптанган кыргыз адабияттаануусунун башаттары элибиздин салттарына жана үрп-адаттарына негизделген чакан салттык ырлары, балдарга арналган бешик ырлары, ырым-жырым жана дарым ырлары аркылуу түптөлүп баштагандыгы белгилүү. Кыргыздардын сөз өнөрү элибиздин фольклордук чыгармачылыгынын өзөгүндө калыптануу менен элдик обон, музыка, бий жана башка маданий өнөрлөрү менен кылымдар бою эриш-аркак калыптанып жана өнүгүүнүн жолунда болуп келгендиги анык.

Кыргыз элинин фольклордук мурастарын изилдөө иштерине келгенде, XIX кылымдын экинчи жарымында жазылган В.Радловдун жана Ч.Валихановдун жазып калтырган илимий тыянактары, кыргыз адабияттаануусунун тушоосун кесип, алардын илимий пикирлери кыргыз фольклортаануусунун эле эмес, адабияттаануусунун жазма илимтаануусунун тушоосун кескен болчу. Бул багыттагы эмгектердин катарына XX кылымдын 40-жылдарында коллектив тарабынан коллектив тарабынан жазылган, «Кыргыз адабиятынын очерктери», А.Н.Бернштамдын «Истоки киргизской литературы», М.И.Богданованын «Киргизская литература. Очерк, «Теория литературы», «О взаимоотношении литературы и фольклора» жана советтик жана постсоветтик мезгилде жазылган эмгектерден турган өзгөчө «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» (А.Акматалиевдин жалпы ред.) 10 томдугун жана башка бир катар эмгектерди көрсөтүүгө болот.

«Көркөм чыгармачылыктын бардык түрлөрүнүн кубулуштарын тарыхый шарттуулукта изилдөө азыркы адабияттаануунун методологиялык негиздеринин бири болуп саналат» [151, 3-б.] - деп, орус фольклортаануучусу В.Я.Пропп туура белгилегендей, кыргыз адабиятынын башатын белгилеген фольклордук чыгармачылык экендигин белгилеп, андан туура жыйынтыктарды чыгарып берүү аталган параграфтын өзөгүн түзөт.

**«Орток түрк руникалык жана манускриптик колжазма адабиятынын маселелери»** деген 2-параграфта орток делген руникалык колжазмалар кыргыз адабияттаануусунун дагы бир белгилүү этабы катары илимий изилдөөгө алынды. «Кыргыз адабиятын изилдөөнүн кыйынчылыгы кыргыз элинин бүткүл тарыхый өнүгүүсүн коштогон поэтикалык чыгармачылыктын өтө көп кырдуу процесси ыраattуу жана тынымсыз

өнүккөн жазууда катталбай калганында – деп, өкүнүү менен М.И. Богданова белгилеген жагдайы бар. Ошого байланыштуу руникалык тексттерден тартып үзгүлтүксүз өнүгүп келген кыргыз колжазма адабиятынын чыгармачылык салттары тууралуу кеп кылуу мүмкүн эмес. Анткени, биринчиден, түрк жана анын ичинде кыргыздардын колжазма адабиятынын адабий салттары биротоло калыптанган эмес, экинчиден, колжазма адабияты калктын белгилүү гана катмарына тарагандыгы жана тиешелүү болгондугу менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда, фольклор дайыма эле өзүнүн таза түрүндө жалгыз бойдон, чыгармачылыктын башка формалары менен аралашпай жашай албайт, тескерисинче, дүйнөлүк адабияттаануунун өнүгүү тенденциясы оозекиден колжозмага андан профессионалдык жазма адабиятка өтүү тенденциясы менен белгиленип келген.

В.В.Радловдун Орхонго жасаган экспедициясынан кийин ага чейин Тува, Хакасиядан жазылып алынган тексттер менен бириктирилип, В.Томсен, В.Радловдор тарабынан окулгандан кийин, Орхон-Енисей жазуулары деп аталып баштагандыгы белгилүү.

Кыргыз адабияттаануусунун Орто кылымдагы колжазма адабияты доорундагы Ж.Баласагындын жалпы эле элдик фольклордук-дидактикалык жанрларга, М.Кашкаринин адабий-диалектикалык материалдарга карата өздөрү адабияттаануучулук жана тилтаануучулук багытындагы зор иштеринин аркасында, бүгүнкү жалпы эле филологиялык, философиялык жана башка илимдердин чыныгы изилдөө объектисине айланып отурат. Ошондуктан мунун өзү Ж.Баласагын менен М.Кашкарилер ошол мезгилдин эң мыкты фольклортаануучуларынан жана тилтаануучуларынан болушкандыгын белгилеп турат. Бул болсо ошол доордогу адабий жана тилдик илимтаануусунун калыптанып калгандыгынан кабар берет.

Ошол эле учурда, жалпы түрк элдеринин орток мурасы эсептелген руникалык тексттердин VI-XI кылымдар аралыгында чакан фольклордук тексттерден тартып (VI-VII кк.), ташка чегилген кол жазманын алкагында алганда (VIIIк.) эпикалык масштабдагы тексттерге чейин өсүп жеткендигин көрөбүз. Мындайча айтканда, түрк элдеринин руникалык чыгармачылыгы формалык жана мазмундук жактан байып, колжазма адабиятынын кадимкидей калыптанып өнүгүүгө жетишкендигин көрөбүз. Белгилүү немец түркологу А.Ф.Габендин байыркы түрк адабияты элдик оозеки адабиятынын андан аркы өнүгүүсү катары пайда болгондугу тууралуу айтканын академик А.Эркебаев белгилеп кетет.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияттаануусунун Орто кылымдагы башаты жана андан калыптануу тарыхы дал ушул Ж.Баласагындын «Куттуу билим» дастаны менен түздөн түз байланыштуу десек болот. Ошол эле

мезгилде Ж.Баласагындын аталган чыгармасы Орто кылымдагы жалпы эле түрк калктарынын манускриптик адабиятынын көөнөргүс булагы катары бүгүнкү күндөгү адабияттаануу илимибиздин пайда болуп жана калыптанышындагы ордун белгилеп турат.

**«Оозеки жана колжазма адабиятынын калыптанышындагы акындар поэзиясынын орду»** деген 3-параграфта, кыргыз элинин оозекиден колжазма адабиятка өтүүдөгү этабы катары өзгөчө орунда тургандыгында болду. Мындайча айтканда, кыргыз элинин фольклордук чыгармачылыктан жазма адабиятка өтүүдөгү жана индивидуалдык адабий чыгармачылыктын биротоло калыптанышындагы акындар поэзиясынын төкмөлүк өнөрү жана жазгыч акындар чыгармачылыгы өзгөчө орунда турат. Кыргыз ырчыларынын өнөрү аркылуу акындардын чыгармачылык тажрыйбасы артылып, кезегинде анын ар тараптуу, көп кырдуу синкреттик багытта калыптангандыгын айгинелейт.

Дегеле кыргыз элинин акындык өнөрүнүн кайсы доордо пайда болуп жана калыптанышы маселелерине келгенибизде, анын башаттары биздин эранын VII-VIII кылымдардагы Энесайдан табылган жазуулардан кездешерин академик А.Н. Бернштам белгилеп келип: «Жазма эстеликтердин биринде Енисей кыргыздарынын арасында жомокчулар – акындар болгондугу жөнүндө абдан кызык маалыматтар бар экендиги белгиленет:

Беш шайдооттон,
Биздин Шаддан (наам – М. Богданова),
Менин Чендеги элимден
оолактадым!
Биздин кайраттуу үйүбүз Ачеде жайгашкан.
Мен кадырлуу акынмын,
Мен, баатыр атым менен, Жаш - Акын!

Жазуусу менен коюлган таш эстеликтер элге көрүнүктүү атактуулардын бейитине гана коюлганын эске алсак, элдик акындын бейитине орнотулган эстелик байыртадан эле кыргыздарда акындардын улуу урмат-сыйынан кабар бергендигин А.Н.Бернштам «Истоки киргизской литературы» макаласында жана белгилүү фольклор жана адабияттаануучу М.Богданова Киргизская литература. Очерк (1947) аттуу китебинде жазышат. Мындай тексттер орус элинин «Игорь кошуну тууралуу баян» эпосунда да кеңири кездешерин орус адабияттаануучусу А.С.Курилов «История русской литературы XVII века» китебинде, казак акыны О Сулейманов «Азия» китебинде белгилеп кеткен жагдайы бар.

Акындар поэзиясынын эки канатын түзгөн төкмө менен жазгыч акындардын өз ара чыгармачылык алакалары аркылуу адабий

чыгармачылыктын андан ары калыптанышын өбөлгөлөп, бул процесс эки тараптуу өнүккөндүгүн баса белгилеп берүүгө болот. Төкмө акындар поэзиясынын жазгыч акындардын чыгармачылыгына болгон таасирлери тууралуу бирооздон адабияттаануучулар белгилеп келген болсо, ошол эле учурда жазгыч акындардын төкмө акындардын чыгармачылыгына тийгизген таасири тууралуу учурунда Т.Саманчин тарабынан белгиленип: «Кылычтын ырларын акындар, ырчы-комузчулар эл аралап ырдашкан. Ал гана эмес, Кылычтын ырларынын көпчүлүгү макал-лакап катарында эл оозунда айтылып кеткен» деп жазат белгилүү акынтаануучусу.

«Ыр жазуусуз чыгармачылыктын доорунда туулуп, угармандын аркасында канондук формаларга ээ болгон. Обондуу үндү сиңирүү оңой болгон. Бул угуу эс тутумунун касиети миңдеген жылдар бою өзгөргөн эмес» – деп жазат О Сулейманов.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз фольклортаануусунун болобу, адабияттаануусунун болобу алардын тигил же бул маселелеринин илимий изилдөөлөрдүн объектисине алынбай калган элдик жана кайсы бир акындын адабий мурастары биринчи кезекте алардын жалпы эле адабияттаануу үчүн маанилүүлүгү жана орду менен мүнөздөлөт.

**«Кыргыз адабияттаануусунун пайда болушу жана өнүгүшү»** аттуу диссертациялык иштин негизги бөлүгү болгон 3-бап, 3 параграфтан турат.

**«Кыргыз профессионалдык адабияттаануусунун калыптанышы жана изилдениши»** деген 1-параграфта кыргыз адабиятынын профессионалдык жазма адабияттын алкагында калыптанган бир кылым аралыгындагы тарыхына көз чаптырсак, анын башаттарына адабий-илимдик мамиле жасоо зарылчылыгы пайда болот.

Улуттук адабияттаануу өзүнүн адабият тарыхына, илимий-теориялык даражасына ылайык калыптанары белгилүү. Эгерде кыргыз адабияттаануусунун жаңыдан телчигип жаткан мезгилинде, ал ошол учурда жарыкка чыгып жаткан чоң-кичине чыгармаларга карата чакан пикир, сын айтуу мүнөзүндө пайда болгон болсо, кийинчерээк адабий-тарыхый изилдөөлөрдүн теориялык принциптери да акырындап иштелип чыга баштагандыгын да көрөбүз. Буга байланыштуу кыргыз адабиятынын тарыхына арналган алгачкы эмгектер менен бирге эле адабий сын, адабият теориясына арналган чакан макалалар, изилдөөлөр жазылып эле.

XX кылымдын 30-40-жылдарында кыргыз адабияттаануусунун илимий предметтери негизинен бирдиктүү процесс катары пайда болуп, көбүнесе адабият тарыхынын объектиси аркылуу изилдене баштаган болчу. Биринчи кезекте «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943) деген 4 бөлүмдөн турган эмгекти көрсөтүүгө болот. Алсак, М. И. Богданова «Кыргыз фольклору»,

Ө.Жакишев «Эпостук поэмалар», Т. Саманчин «Колония доорундагы адабият» жана К.Рахматуллин «Кыргыз совет адабияты» бөлүмдөрүн жазышкан. Элдик оозеки адабияттан тартып кыргыз совет адабиятынын телчигүү дооруна чейинки мезгилди камтыган бул эмгекте, кыргыз элинин оозеки жана жазма адабий чыгармалары камтылып, кезегинде аларга карата классификациялоо иштери жүргүзүлгөн. Бул жагдай тууралуу: «Азыркы өнүккөн адабий илим, фольклористика өзүндө болгон бүткүл мүмкүнчүлүктөрдү элдик оозеки поэзиянын жаралыш, калыптаныш, өнүгүш жана жашоо шарттарын түшүндүрүүгө, аны көркөм сөз искусствосунун феномени катары ички табиятын, спецификасын көрсөтүүгө милдеттүү» [120, 9-б.] – деп, профессор К.Асаналиев жазгандай, кыргыз адабият тарыхынын жана илиминин пайда болушу 1930-40-жылдарга барып такалат. Алардын алгачкы сабында М.И.Богданова, К.Рахматуллин, Т.Саманчин, Ө.Жакишев, Т.Жолдошев, М.Дөгдүров, ж.б. турат. Албетте, мындай мектептин түптөлүшү биринчи кезекте эл арасынан фольклордук жана башка материалдарды топтоого багытталып, кезегинде ал материалдар кыргыз фольклортаануусунун жана адабияттаануусунун изилдөө объектисине айланган болчу.

Кыргыз элинин профессионалдык жазма адабиятынын алкагында улуттук фольклортаануу жана адабияттаануу илимдеринин дээрлик бир мезгилде калыптангандыгы, кезегинде Белек Солтоноевдин «Тамсилдер», Тазабек Саманчиндин «Молдо Кылыч-жазгыч акын» кээ бир эмгектерин эске алуу менен жогоруда аталган, 1943-жылы коллектив тарабынан жазылып жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын очерктери» мунун түздөн түз далили болуп бере алат.

Ал эми М.И.Богданова тарабынан түзүлгөн «Киргизсая литература. Очерк» (1947) китебинин киришүү бөлүмүндө: «Очерк» оозеки элдик поэзиядан жазма адабиятка өтүүнү көрсөтөт. Негизги көңүл советтик кыргыз адабиятына, башкача айтканда, кыргыз элинин чыгармачылыгынын чыныгы өсүп баштаган мезгилине көңүл бурулат. Бул «Очерктерде» төмөнкүдөй темалар иштелип чыкты: Байыркы кыргыз адабий эстеликтери. Кыргыз элинин фольклордук мурасы. Кыргыз совет адабияты. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги совет адабияты»– деп келип:

Бул жыйнакка өзүнө чейинки ал гана эмес Эгемендүүлүк жылдарга чейинки жазылган кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектерден айырмаланып турат. Ал биринчи кезекте кыргыз адабияттаануусунун башаты катары элдик фольклордо камтуу менен маанилүү эмгек.

Ал эми 1970-жылдары жарык Москвада жарык көргөн «История киргизской литературы» китебинде, М.Кылычтын портрети менен К.Тыныстановдун илимий жана чыгармачылык ишмердүүлүгүнө обзор

берилгендигин белгилесек болот. Кыргыз адабияттаануусунун алгачкы өкүлдөрдөрүнүн катарында турган Б.Керимжанова эл душманы катары адабият тарыхынан алынып ташталган К.Тыныстанов тууралуу минтип жазат: «...К.Тыныстанов таланттуу акын, «Интернационалдын» биринчи котормочусу жана кыргыз тил илиминин өнүгүшүнө салым кошкон биринчи кыргыз окумуштуусу болгон. Бирок, көркөм чыгармачылыгында (эрте каза болгонуна байланыштуу) ынанган реалист даражасына көтөрүлүүгө үлгүрбөй калган» - деп жазат. Илим басмасы тарабынан Москвадан жарык көргөн бул эмгек аркылуу Б.Керимжанова, К.Асаналиев, М.Борбугулов, А.Садыков, М.Түлөгабылов жана башка сыяктуу адистешкен кыргыз адабияттаануучулардын белдүү мууну өсүп чыккандыгын белгилеп турат.

Жалпы советтик адабияттаануунун алкагында кыргыз адабияттаануусунун калыптануу процесси биринчи кезекте жазма адабиятыбыздын алгачкы өкүлдөрүнүн өмүрү жана чыгармачылыгын изилдөө иштери менен коштолгон болчу. Кыргыз адабияттаануусунун кошумча бөлүмдөрүнүн пайда болушу жана калыптанышына арналган, кыргыз адабиятынын тарыхынын IX тому «Кыргыз адабий сынынын баскан жолунан», «Осмонов таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (Садыков А., Акматалиев А.), «Токомбаев таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (Байжигитов К.), «Сыдыкбеков таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (Мусаев А.), «Кыргызстанда айтматов таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (Садыков А., Акматалиев А.) сыяктуу кыргыз адабияттаануусунун кошумча багыттарын камтуу менен андагы Т.Жолдошев, М.Дөгдүров, Ө.Жакишев, Ж.Самаганов, Т.Саманчин, Б.Керимжанова, А.Салиев, Ш.Үмөталиев, К.Асаналиев, Ч.Жолдошева, К.Рысалиев, А.Садыков, К.Артыкбаев, С.Жигитов, С.Байгазиев, К.Бобулов, Л.Үкүбаева, К.Байжигитов, А.Эркебаев, О.Ибраимов, А.Акматалиев жана башкалардын илимий портреттери жазылган.

Кыргыз адабияттаануусунун тарыхындагы профессионалдык жазуучу-акындардын элдик адабий салттарды улантуудагы жана жаңычылдык жана башка маселелерин илимий изилдөө иштеринин жанданышы менен түшүндүрүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, бул мезгил аралыгында кыргыз профессионалдык жазма адабиятынын тарыхына арналып жазылган эмгектердин жарык көрүшү, анын адабий илимдин жана сынынын фундаментине айланган эле десек болот.

**«Кыргыз адабий илиминин калыптанышы жана өнүгүшү»** аттуу 2-параграфта, улуттук илиминин пайда болуп анын методологиялык жактан калыптанып өнүгүшү өтө татаал процесс экендигин танууга болбойт. Ошол

эле учурда «Байыркы адабиятта... көркөм формалардын жана стилдик каражаттардын көп түрдүүлүгү өнүккөндүгүн И.М.Тронский жазса, «Биздин замандан мурдагы IV кылымда байыркы Грециянын улуу даанышманы Аристотель грек адабиятынын «Поэтикасын» /адабият теориясын/ жазган. Аристотель ал «Поэтикасында» өзүнөн мурдагы жана өз убагындагы адабияттын материалдарына таянып отуруп жалпы норма белгилеген. Биздин доорубузда искусствонун жана адабияттын өрчүшү мурдагы дооруна караганда жогорку фазага / баскычка жетишти» - деп, М.Богданова жазат.

Кыргыз адабияттаануусунун теориялык маселелерине арналган эмгектер XX кылымдын 40-50-жылдарына туура келип, алгачкы эмгектер катары азыркы күндө да Колжазмалар фондунда сакталып турган М.Богданованын «Теория литературы» (УИАнын кол жазмалар фонду. ИНВ. № 1294) колжазмасын жана К.Рысалиевдин «Кыргыз ырларынын түзүлүшү» (1965) атоого болот. Булардан кийин дээрлик жарым кылым аралыгында адабият теориясына арналган эмгектер жазылган эмес. Бул багыттагы эмгектерди жазуу Эгемендүүлүк жылдарында жанданып, М.Борбугуловдун «Адабият теориясы». Окуу куралы (1996), А.Садыковдун «Адабият теориясы». Окуу куралы (2002), «Кыргыз адабияттаануу илими жана сыны» (2005), Д.Асакееванын «Адабият теориясы». Окуу куралы (2013), К.Артыкбаевдин «Адабият таанууга киришүү». Окуу куралы (2009), С.Бегалиевдин «Адабият таанууга киришүү» (2010), Н.Өмүрзакованын «Адабияттаануу илиминин айрым маселелери» (2013) жана башка эмгектерди көрсөтүүгө болот. Аталган эмгектерде адабияттаанууга киришүү жана адабият теориясынын маселелери каралып, адабий терминдер, түшүнүктөр жана агымдар кыргыз профессионалдык жазма адабиятынын этаптуу чыгармаларынын мисалында талдоого алынган. Албетте, аталган эмгектердин кыргыз адабиятынын теориялык маселелерин изилдөөдөгү ар биринин орду бар экендигин белгилесек болот.

Кыргыз адабияттаануусу өзүнүн илим таануучулук процессиндеги жалпы илимий көзкараштарды, көбүнесе өздүк адабий процесстин алкагында эле жүргүзүп келе жатат. Бирок ошол эле учурда кыргыз авторлорунун чыгармачылык тажрыйбалары чет элдик адабияттаануучуларынын изилдөө объектисине айланып, кыргыз адабияттаануусунун илимий изилдөө процесси чет элдик алкакта да жүрүп жаткандыгын белгилеп кетүүгө болот. Алсак, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын жүздөгөн тилдерге которулушу менен катар анын адабияттаануу жана башка багыттардагы илимий изилдөөлөрдүн объектисине айлангандыгын да далилдеп турат. Бул болсо өз кезегинде келип адабияттаануунун кошумча дисциплиналарынан болгон салыштырма

адабияттаануусунун калыптанышына өбөгө түздү. Бул жана башка маселелер тиешелүү бөлүмдөрдө сөз болот.

Жыйынтыктап айтканда, адабияттаануунун илимий факторлору өзүнүн туруктуу критерийлерине ээ болгону менен ал эволюциялуу түрдө улам өнүгүүгө ээ болмокчу, анткени адабий чыгармачылыктын практикалык табылгаларына илим дайыма жооп издөөнүн жолунда болот.

**«Кыргыз адабий сынынын калыптанышы жана сынтаануунун өнүгүшү»** деген 3-параграфта, кыргыз адабий сынынын тарыхы адабияттын тарыхы менен дайыма кадамдаш жашап, адабияттаануунун негизги предметинин бири катары калыптанган. Кыргыз адабияттаануусунун адабий сынынын пайда болушу жана калыптанып өнүгүшү маселелеринин илимий-теориялык негиздерине жана анын тарыхына кайрылуудан мурда, анын предметин тактап алуу зарылчылыгы пайда болот. Бул жерден дароо көңүл бура турган маселе, адабий сындын адабияттаануунун предметине тиешелүүлүгү же тиешелүү эместиги боюнча көзкараштардын тегерегиндеги суроого жооп алуу да маанилүү.

Кыргыз сынтаануусунун тарыхчылары катары, өздөрүнүн кезек-кезеги менен жазган эмгектеринде, К.Даутов, К.Байжигитовдор адабий сындын башаты фольклордо жаткандыгын жазган орус окумуштууларынын ойлорун тең бөлүшүп, өздөрү дагы бир катар эмгектерин жазып чыгышкан.

Кыргыз адабий сынтаануусунун илимий предметинин элдик фольклордон тамыр алып өнүгүүдө болгондугу жана жалпы эле кыргыз адабият сынынын тарыхына кайрылуу, XX кылымдын 80-90-жылдарына туура келип, бул багытта К.Даутовдун «Сөз өнөрүнүн эстетикасы» (1984), «Терендиктер жана бийиктиктер» (1991), «Адабий сын кантип жаралган?» (2002), «Элдик сынчыл ойлордон эстетикага» (2015), К.Байжигитовдун «Кыргыз адабий сынындагы чеберчилик маселелери» (1991), «Кыргыз адабий сынынын тарыхы» (1992), «Кыргыз адабий сыны жана илими: Проблемалар, көз караштар» (2006), «Башталуу» (2007) жана башка эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Кыргыз адабияттаануусунун тарыхын жазууда анын бардык эле муундары бирдей илимий изилдөөчүлүк шартында болбойт. Мисалы кыргыз жазма адабиятынын алгачкы өкүлдөрү болгон М.Элебаев, К.Жантөшев, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбековдордун ж.б. чыгармачылыктарын алгач изилдеген К.Асаналиев, К.Артыкбаев, С.Жигитов, А.Садыков жана башкалар өздөрү талдаган чыгармалар менен дээрлик жашташ экендигин көрөбүз. Адабий чыгарма менен аны изилдөөгө алган окумуштуунун жашташ болушу адабияттаанууда өз алдынча карала турган маселе. Мисалы, аталган жазуучулардын чыгармалары адабият тарыхынан өзүнүн татыктуу ордун

ээлеши жана жаңыдан калемгерлер катары калыптанып келе жаткан жазуучунун чыгармачылыгы үчүн, адабият окумуштууларынын ээлеген орду өзгөчө десек болот. Бул тууралуу: «.. .кыргыз адабиятынын тарыхы жалаң гана белгилүү акын-жазуучулар менен драматургдардын чыгармачылык тажрыйбаларынан турбасы, ал ошондой эле көрүнүктүү адабий сынчылардын өнөрканасы менен органикалык байланышта экендиги өзүнөн өзү ачык болот» - деп, сынтаануучу К.Байжигитов жазганы да бекеринен эмес. Алсак, бардык эле окумуштуулар өздөрүнүн илимий изилдөө ишмердүүлүгүндө адабияттаануунун бирдей категориясында турбайт, башкача айтканда, түздөн түз чыгарманы анализдеген жана ошол чыгарманы илимий талдоого алгандардын илимий ишмердүүлүгүн изилдеген адабияттаануунун көбүнесе теориялык багыттагы окумуштуулардын категориясы бар. Ошентип, биринчи кезекте адабияттаануунун сыдыкбековтаануу, токомбаевтаануу, осмоновтаануу, айтматовтаануу жана башка предмети түптөлүү менен ошолордун чыгармачылыгын илимий таанууга алган асаналиевтаануу, артыкбаевтаануу, жигитовтаануу сыяктуу көбүнесе илимтаануу багыты калыптанат.

Адабий сынды - көркөм сын жана адабий сын деп экиге бөлүп кароо тенденциясы орус, кыргыз адабиятчыларынын пикиринде кездешпей койбойт. Албетте бул жерде адабият сынчылары көркөм сын менен адабий сындын көбүнесе жалпылык жактарына басым жасашат. Ал эми адабий сындын өздүк тажрыйбасынан алып карай турган болсок, адабий сын өзүнүн көркөм - сындык эстетикадагы этабын фольклордук, айрыкча акындар поэзиясында ишке ашырып келген. Мындан улам кыргыз адабияттаануусунун илимий башаты фольклордук чыгармачылыкта түптөлүп, жазма адабиятта өзүнүн адабияттаануучулук предметине ээ болот да, кезегинде фольклортаануу менен адабияттаануунун предметтерин аныктап алууга илимий негиздерди түзөт.

Кыргыз адабияттаануусунун илимий-теориялык баалуу ойлорду окумуштуу-адабияттаануучулар К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин, С.Жигитовдун, Л.Үкүбаеванын, А.Эркебаевдин, А.Акматалиевдин **XX** кылымдын өзгөчө 90-жылдардын тегерегинде жазылган эмгектеринен кезиктиребиз. Бул ошол мезгилде кыргыз адабиятында жаралган чыгармалар жана биринчи кезекте Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы менен байланыштуу эле. Ч.Айтматовдун жылдызынын жанышы кезегинде канчалаган окумуштуулардын муунунун келип чыгышын шартаган адабий илимдин феномени болду.

Ошентип, кыргыз адабияты жана анын көрүнүктүү өкүлдөрү тууралуу жүздөгөн китептер, диссертациялар, миңдеген макалалар жазылгандыгынын өзү келип, өз кезегинде бул эмгектердин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн кыргыз

адабияттаануусундагы ордун белгилеп берүү милдетин шарттады. Жогорудагы эмгектердин өзү көрсөтүп тургандай, кыргыз адабияттаануучуларынын жасаган эмгектерин бир системага салып, алардын кыргыз адабияттаануусунун пайда болуп жана калыптанышындагы зор салымдарын көрсөтүп берүү бул диссертациялык изилдөөнүн негизги өзөгүн түздү.

**«Фольклор менен адабияттын байланышы жана кыргыз адабияттаануусунун кошумча предметтеринин калыптанып өнүгүшү»** аттуу 4-бап 3 параграфтардан турат.

1-параграф **«Фольклор менен жазма адабияттын өзара байланыштарын изилдөөнүн айрым маселелери»** делип, Кыргыздар Байыркы, Орто жана Жаңы кылымдын фольклордук, колжазма жана жазма адабияттарынын өз ара байланыштарын түзүүгө жетишкен элдердин катарында тургандыгы өзгөчө белгиленет. Оозеки адабият менен жазма адабияттын көркөм чыгармачылык улуу салттарын жаратууда жана сактап калуу процессинде кыргыздар тектеш жана башка элдер менен чыгармачылык байланыш түзүүгө жетишип, кезегинде улуттар аралык адабий алакаларды түзүп андан ары калыптандырууга жетишкендигин көрөбүз.

Фольклор менен адабияттын өзара байланышына келгенибизде, бул өз кезегинде көп кырдуу жана татаал маселелерден экендигин белгилеп коюу керек. Ошондой болсо да бул маселенин ылайыгына карай ой жүгүртсөк, фольклордук адабияттын жазма адабиятка тийгизген таасирлери аркылуу булардын өзара байланыштары адеп ишке ашкандыгын байкайбыз.

«Өткөндүн адабий мурастарына карата урматтоо менен мамиле кылуу... адабий сын жана адабияттаануу илиминин пайда болгондугун күбөлөндүрөт, алардын өкүлдөрү кийин тарыхтын ар кыл мезгилдериндеги акын-жазуучулардын чыгармачылыгын изилдеп, республиканын адабий процессинин өнүгүшүндө алардын ролун жана ордун аныкташат» - деп, адабиятчы З.Г.Курбанова жазгандай, кыргыз адабияттаануусунун илимий объектиси катары өз учурунда элдик фольклордук жана Орто кылымдагы руникалык колжазма адабияты дагы тандалып алынып, элибиздин бул адабий мурастары профессионапдык адабияттаануубуздун пайда болушу жана калыптанышы мезгилинде изилдөөгө алынгандыгы да бекеринен эмес.

Эгерде, кыргыз адабияттаануусунун бул маселеге карата илимий пикирлердин жазыла башташынын алгачкы кадамдарына кайрыла турган болсок, М.Богдlivанын «Киргизская литература и фольклор» (в их взаимоотношениях) колжазмасында: «Белгилүү болгондой, кыргыз совет адабиятынын бүткүл тарыхында фольклор жана анын поэтикалык салттары эбегейсиз чоң роль ойноп келген...» - деп, элдик фольклор менен

профессионалдык жазма адабияттын байланыштары, кыргыз адабияттаануусунун XX кылымдын 40-жылдарында эле колго алынып изилденип баштагандыгын көрөбүз. Бул өз кезегинде, кыргыз адабияттаануусунун өзүнүн элдик фольклортаануусу менен болгон илимий байланыштарын табуудагы алгачкы кадамдары болгон. Албетте, М.Богданова, өзүнүн аталган макаласында, фольклордун жаңыдан калыптанып келе жаткан жазма адабиятка карата болгон бир катар маселелерине токтолуп: «Ушуга байланыштуу кыргыз совет адабиятынын өнүгүшүнүн мындан аркы жолдорун жана формаларын тактоо актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Бул маселенин чечилиши белгилүү бир деңгээлде фольклор менен адабияттын байланышын туура түшүнүүгө да көз каранды» - деп, кыргыз адабияттаануусунун калыптануу процесси биринчи кезекте элдик фольклор менен адабияттын чыгармачылык алакаларынын элдик салттарынын өзөгүндө ишке ашкандыгын белгилеп берет.

Жыйынтыктап айтканда, фольклор менен адабияттын өз ара байланыштары, колжазма адабият пайда болгон күндөн тартып эле калыптанып, көбүнесе эпикалык, лирикалык жанрлардын аркасында ишке ашырылуу менен анын салттары азыркы жазма адабиятта андан ары өнүгүү алган. Бул өз кезегинде адабияттаануу багытындагы бир катар изилдөөлөргө кеңири жол ачып, кыргыз адабияттаануусундагы бул маселелердин ар кыл жагдайларына К.Асаналиев, Л.Үкүбаева, К.Байжигитов, А.Акматалиев, Г.Орозова ж.б. адабият окумуштуулары кайрылып келишкен. Ошентип, фольклор менен адабияттын байланыштары бир улуттун эле эмес көп улуттардын ортосундагы адабий, маданий жана башка алакаларды ишке ашырган өз ара байланыштарды түзүүнүн бирден-бир түрүнө айлануу менен кыргыз элинин улуттук чыгармачылыгынан башат алган фольклор менен адабияттын байланыштары улам бир өнүттөн изилденерине шек жок.

**«Кыргыз адабий булактаануусунун айрым маселелери»** деген 2-параграфта, адабияттаануунун алкагына кирген бардык негизги предметтердин жана кошумча дисциплиналардын башкы максаты болуп, биринчиден өздөрүнө тиешелүү илимий объектилерин тактап алуусу маанилүү болуп саналат. Бул жагдайда адабий сындын адабият тарыхын изилдөөдөгү орду белгиленип, кезегинде адабияттын теориялык негиздеринин илимий өбөлгөлөрү түзүлөт. «Адабият илими (адабияттын тарыхы жана теориясы) жана анын атайын дисциплиналары (палеография, библиография, текстология) да өзүнө тиешелүү булактарга жана өздүк булак таанууга ээ» экендигин Н.Ф.Бельчиков белгилеп кетет.

Фольклортаануунун, манастаануунун, адабияттаануунун ж.б. жалпы адабияттык маселелерин чечүүдө адабий булактаануу, салыштырма

адабияттаануу, текстология жана башка кошумча дисциплиналары бардыгына орток функцияны аткарат. Ошондуктан, кыргыз оозеки жана жазма адабиятынын көркөм объектилерин изилдөөдө, аларды текстологиялык, салыштырма адабияттаануучулук, адабий булактаануучулук ж.б., дисциплиналарынын негизинде изилдебей туруп, фольклортаануунун, манастаануунун, адабияттаануунун жана башкалардын бөтөнчөлүктөрүнө жана жалпылыктарына тиешелүү маселелерди аныктоого болот.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматовдун повесть жана роман жанрындагы чыгармачылык жолу аркылуу кыргыз адабий булактаануусунун мифтик-уламыштык, адабий-фольклордук, тарыхый-турмуштук ж.б. булактарына ээ болуу менен келечекте бул материалдардын котормо, салыштырма, булактаануу, археография, текстология, адабияттаануу ж.б. илимий багыттардын адабий булактаануучулук маселелери тууралуу кеңири изилдөөлөргө жол ачары шексиз.

**«Билингвалык адабий чыгармачылыктын кыргыз адабияттаануусунда калыптанышы»** деген 3-параграфта, адабий чыгармачылыктагы тектеш жана тектеш эмес кош же көп тилдүү чыгармачылык, көркөм адабияттын бардык доорунда актуалдуу болуп келгендигин четке какпай туруп, дагы бир тилде чыгарма жаратууга жетишкен жазуучу жана акын саналуу, башкача айтканда, кош тилдүү чыгармачылык оозеки жана жазма адабияттагы өтө сейрек учурачу көрүнүш. Бул тууралуу Ч.Айтматов: Узак адабий тажрыйбага ээ болгон элдердин тили турмушту чагылдыруунун алкагын кеңейте тургандыгын жазат.

XX кылымдын улуу сүрөткери болгон Ч.Айтматов, жазуучу катары адамзаттык идеяларды көтөрүп, өзүнүн калемдештери, замандаштары менен тыгыз чыгармачылык мамиледе да жашап өткөндүгү белгилүү. Жазуучунун «Ысык-Көл форумунун» алкагында дүйнөнүн бардык континентинен чыккан сүрөткерлердин башын кошуп, адамзат коомунун заманбап маселелерине жооп издеп, анын келечектүү багыттарын белгилөөдөгү ордун да жокко чыгарууга болбойт.

Жыйынтыктап айтканда, Диссертациялык иштин адабияттаануучулук предметин ачып берүүдө анын бардык этаптарын камтыган илимий изилдөөлөргө таянуу менен алардан туура жыйынтыктарды чыгарып иш алып барууга мүмкүн болушунча аракет кылдык.

**Төрайым, ф.и.д. А.Кадырмамбетова:** Диссертациялык иштин жалпы мазмуну боюнча изденүүчү М.Садыровдун баяндоосун уктуңуздар. Кимде кандай суроо бар?

**Ф.и.д. Г.Орозова:** Менде эки суроо бар. 1. "Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү" деген теманы кандайча тандап

алдың? 2. Иште ыртаануу, акынтаануу ж.б. терминдерди колдонупсуң, бул терминдерди кайдан алдың?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Бул теманы илимий кеңешчим, Абдылдажан Акматалиев агайдын сунушу менен 2004-жылы эле тандап алганбыз. Кыргыз адабиятынын тарыхынын 10 томдугу, Эл адабияты сериясындагы эмгектер четинен жарык көрүп жаткан учурда, кыргыз элинин оозеки жана жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн портреттеринен турган илимий изилдөөлөрүнүн негизиндеги «Кыргыз адабият таануусу жана сыны» деген 2 томдук эмгек жазылып баштаган болчу. Ал китептин 1-тому 2005-жылы жарык көрүп, "Кыргыз адабият таануусунун илим катары пайда болушу жана калыптанышы" аттуу баш макаланы жазганбыз.

Экинчи суроонуз боюнча маселеге келгенде, кыргыз адабияттаануусунун акындар поэзиясын, профессионалдык поэзиябызды изилдөө багытында бул термин Б.Кебекова, К.Байжигитов ж.б. сыяктуу адабият окумуштууларынын эмгектеринде көп эле колдонулуп жүрөт. Бул терминдерди диссертациялык иштин мазмунуна ылайык колдондук.

**Ф.и.д. А.Кадырмамбетова:** Кыргыз адабиятынын башатында сөз өнөрү турат деп жазасыз. Бул терминдин маанисин түшүндүрүп бериңизчи?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Жалпы эле обон, музыка, сүрөт жана башкалар менен катар элдик искусствонун бир түрү болуп сөз өнөрү эсептелет. Аталган элдик өнөрлөр башында бири-бирине синкреттүү жаралып, өнүгүп келгендиги белгилүү. Мезгилдин өтүшү менен элдик өнөрлөр өз алдынчалыкка ээ боло баштаган, бирок албетте, булар бири-биринен биротоло кол үзүп кеткен эмес. Мисалы, төкмө акындардын комуздун коштоосундагы чыгармачылыгы азыркы күндөргө чейин жашап келе жатат. Ал эми сөз өнөрүнүн калыптанышы менен элдик оозеки адабий чыгармачылыгынын өз алдынча өнүгүүсү ишке ашкан десек болот. Бул терминди "сөз искусствосу" дебей, "сөз өнөрү" деп атоону белгилүү адабият окумуштуусу К.Асаналиевдин эмгегинен окугам.

**Ф.и.д. Н.Нарынбаева:** Кыргыз адабияттаануусунун башаты катары фольклорду эсептеп жатасыз. Менин оюмча фольклор адабиятка кирбейт, буга кандай карайсыз?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Ооба, мындай суроонун коюлушунун өзү мыйзамченемдүү деп ойлойм. Фольклор менен адабияттын жалпылыктары жана айырмачылыктары боюнча бир катар эмгектер, жергиликтүү да, чет элдик окумуштуулар тарабынан көп эле жазылып келе жатат. Биз өзүбүздүн иште кытай философу Конфуцийдин "Мен эч нерсе ачкан жокмун, болгону мурдагыны көрүп кайрадан айтып бердим" деген сөзүн эпиграф кылып алганыбыз бекеринен эмес. Дегеле, фольклор адабияттын башатында

тургандыгы, Аристотелдин "Поэтикасынан" эле башталып, ал багыттагы иштер, орус окумуштуусу В.Н.Веселовскийдин "Тарыхый поэтика", кыргыз адабиятынын алкагында алганда, М.Богданованын, В.Бернштамдын, кийин К.Даутовдун, К.Байжигитовдун, К.Асаналиевдин, А.Акматалиевдин, А.Эркебаевдин жана башка белгилүү окумуштуулардын эмгектери ишти ушул багытта жазууга туура багыт берип, көптөгөн изилдөөлөрдүн алкагында мүмкүн болушунча кеңири изилдөөгө алынды.

**Ф.и.д.М.Көлбаева:** Кыргыз адабияттаануусунун өзгөчө бир этабы катары, акындар чыгармачылыгын алыпсыз. Акындар поэзиясынын адабияттаануудагы орду кандай?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Элдик оозеки адабият менен жазма адабияттын чыгармачылык бүтүндүгүн сактап, анын биринин экинчисине өткөн адабий салттары дал ушул акындар поэзиясынан даана көрүнөт. Элдик фольклордук чыгармачылыктын адабий салттарынан жазма адабиятка өтүүгө чыгармачылык көпүрө болгон дал ушул төкмө жана жазгыч акындардын чыгармачылыгы экендигин баса белгилесек болот. Албетте, элибиздин оозекиден жазма адабиятка өтүү тенденциясы жеке эле акындар поэзиясы менен чектелбейт, анын башаттары Орхон-Енисей руникалык адабияты, Ж.Баласагындын чыгармачылыгы аркылуу да Орто кылымдарда эле ишке ашкан десек болот. Мындайча айтканда, жазма адабияттын чыгармачылык тажрыйбаларына кыргыздар боордош түрк элдери менен бирдикте Орто кылымдарда эле жетишкен десек болот.

**Ф.и.к. А.Исаева:** Руникалык тексттердин кыргыздарга тиешелүүлүгүндө талаш жок. Ж.Баласагындын "Кут алчу билим" чыгармасы бизге канчалык тиешелүү деп ойлойсуз?

Жалпы түрк элдеринин орток адабий мурасы катары эсептелип келген руникалык тексттердин, Ж.Баласагын "Кут алчу билим" поэмасынын жалпы түрк элдерине тиешелүү каралып келиши бекеринен эмес. Бүгүнкү күндө түрк адабияттаануусунда бул маселе эч бир талаш жаратпайт деген ойдобуз. Улуу кыргыз мамлекетин түптөгөн кыргыздар бул мурастарды жаратуучулардын алдыңкы катарында турган деп ойлойм. Бул маселенин тегерегинде ондогон жылдар бою илимий талкуулар уланып, В.Радлов, С.Малов, К.Артыкбаев, А.Абдразаков, А.Акматалиев, А.Эркебаев жана башкалар тарабынан ишенимдүү тыянактар чыгарылып келгендиги белгилүү.

**Ф.и.д. К.Койлубаев:** Орто кылымдагы легендарлык акындар Токтогул, Асан Кайгы, Кет Букалардын кыргыз акындар поэзиясындагы ордун кандайча карадыңыз?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Орто кылымдагы легендарлык акындардын чыгармачылыгы да жалпы эле түрк элдерине ортоктош каралып жүрөт.

Анткени, бул доорлордо түрк элдери бири-биринен турмуштук да, чыгармачылык да жактан оолактабай жашап келгендиги менен түшүндүрүлөт. Бул багытта алганда, кыргыз акынтаануусунун көрүнүктүү өкүлү Б.Кебекова өзүнүн "Кыргыз ырчыларынын тарыхынын очерктери" эмгегинде, легендарлык акындардын чыгармачылыгы кыргыз акындар поэзиясынын башаты катары каралып, алардын чыгармачылык салттарын улантуучу катары Арстанбектин орду илимий деңгээлде далилденип берилет. Акындар поэзиясынын башында легендарлык акындар тургандыгын, академик А.Эркебаев "Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары", К.Байжигитовдун "Башталуу" китептеринде да кеңири сөз болот. Биз өзүбүз болсок, кыргыз акындар поэзиясынын башаты катары эсептелген Орто кылымдагы Жаш Акын экендигин далилдеген В.Бернштам менен М.Богдsecurityнын пикирине кошулуп, бул маселе диссертациялык иште каралып чыкты.

**Ф.и.к. Н.Ыйсаева:** Иштин негизги бөлүгү болуп кыргыз профессионалдык адабиятынын мезгили эсептелгендиктен, кээ бир баптарды бириктирип чыгуу зарыл го. Ошол эле мезгилде иштин методологиялык бөлүгү биринчи эмес, экинчи бөлүгү болууга тийиш. Бул маселеге кандай карайсыз?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Эң туура суроо болду. Биз диссертациялык ишибизди фольклордук адабиятты өзүнчө, Орто кылым колжазма адабиятын өзүнчө бап кылып иштеп чыккан элек. Оозеки жана колжазма болуп формалык жактан гана өзгөчөлөнгөндүгү болбосо, булардын адабий салттары биринчисин экинчиси улап отургандыгын, айрыкча руникалык жазмалардагы тексттердин мазмуну элдик фольклордук салттарга негизделгендигин адабият окумуштуулары бирооздон белгилеп жүрүшөт. Ошондуктан, кээ бир баптарды бириктирип, кайрадан иштеп чыгуу зарыл экендигине көзүбүз жетип турат. Ал эми иштин методологиялык бөлүгүн эреже боюнча өз ордуна алып барууга болот.

**Ага илимий кызматкер Р.Эшматов:** Диссертацияда элдик мифтерге кайрылып, сөз өнөрүнүн калыптанышындагы анын ордун карапсыз. Дегеле мифтин фольклордогу жана адабияттагы орду кандай?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Энгельс айткандай, миф - бул адабияттын бала чагы дейт. Кайсы гана улуттук фольклорду, адабиятты албайлы, миф ал элдердин чыгармачылыгынын дээрлик бардык этаптарында орун алат. Миф элдик оозеки адабияттын калыптанып өнүгүшүндөгү орду өзгөчө, алсак, кичинекей жомоктордон тартып, "Манас" үчилтигинде кеңири орунга ээ экендигин көрөбүз. Мифтик апыртуулар, адабий тил менен айтканда күчөтүүлөр элдик оозеки адабиятта өз ордуна ээ. Алсак, жомоктордогу

апыртуулар көбүнесе балдардын фантазиясына жараша колдонулса, элдик эпостордо элдик баатырлардын жана башка образдарды бийик пафосто ачып берүүнүн бирден бир зарыл көркөм каражаты болуп эсептелет.

Ал эми жазма адабиятта келгенде мифологиялык сюжеттер, балдар адабиятында, Ч.Айтматов сыяктуу жазуучулардын чыгармаларында жазуучунун көтөргөн идеясын терендетип ачып берүүгө негизделет.

**Ф.и.к. Ж.Өмүралиева:** Диссертацияда "Манас" эпосунун С.Каралаев, Ж.Мамай, К.Атабеков жана башкалардын варианттарын кандай принциптердин негизинде тандап алдыңыз?

**Диссертант М.Т.Садыров:** Диссертациялык иштин жалпы мазмунуна ылайык, манасчылык өнөрдүн эпикалык салттарынын жазма манасчылыкка өтүүдөгү тенденцияларына көңүл бурулду. Бул багытта алганда "Манас" үчилтиги толук жазылып алган жана өзүнүн бул багыттагы манасчылык өзгөчө орду бар С.Каралаевдин вариантын изилдөөгө алдык. Ал эми манасчылык өнөрдүн жазма манасчылыкка өтүүдөгү өзгөчө орду бар Ж.Мамайдын жана айтуучулук менен жазуучулукту бирге алып жүргөн Каба Атабековдун вариантын тандап алдык. Анын үстүнө бул манасчынын кол дептерлерин өзүм таап келип басмага даярдаган элем. Мындайча айтканда, бул вариант менен толук тааныштыгым бар үчүн тандалып алынды.

**Төрайым, ф.и.д. А.Кадырмамбетова:** Суроолор жетиштүү эле берилди, ошондуктан талкуууга өтө берсек.

**Ф.и.д. Г.Орозова:** Мен, диссертациялык иштерди дайыма көңүл коюу менен окуп чыкканга аракет кылам. Диссертациянын темасы абдан актуалдуу маселеге арналган. Дароо эле айтып коюу керек, кыргыз адабияттаануусунун фольклордук этабын кароодо диссертант абдан кыйналган жана фольклордун маселелерин толук жакшы билбейт деп айтса да болот. Иштин киришүү бөлүмүн толуктап жазып чыгуу зарылчылыгы бар. Анткени, диссертациялык изилдөөгө алынып жаткан маселелер кайсы жагы менен актуалдуу, алдыга койгон максат, милдеттери так көрсөтүлүүгө тийиш. Мындай ишти мен биринчилерден болуп жазып жатам депсиң. Сага чейин эле бул маселелер каралып көптөгөн эмгектер жазылып чыккан десек болот.

Иштин 1- бөлүгү кыргыз адабияттаануусунун фольклордук этабына көңүл бурулуп, анын архаикалык, мифологиялык жана турмуштук ырларынын жаралышынын маселелери каралып чыккан. Албетте, кайсы гана элдин фольклордук чыгармачылыгын албайлы, анда адабияттын көптөгөн жанрлары пайда болуп өзүнөн кийинки акындар жана колжазма чыгармачылыгынын калыптанышына таасирин тийгизбей койбойт. Бул жагынан алганда, бул диссертациялык изилдөөдө Орто кылымдагы руникалык колжазма

адабиятынын, Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" сыяктуу поэмасынын орду көрсөтүлүп мүмкүн болушунча анализге алынган десек болот.

Ал эми кийинки баптар болсо кыргыз адабияттаануусунун жазма адабияты мезгилине талдоо жүргүзүлүп, көптөгөн эмгектер талдоого алынган. Изденүүчү профессионалдык жазма адабияты дегенди көп колдонуп иштеген. Бул түшүнүктү тактоо керек го деп ойлойм.

Айтылган ойлорду эске алып, диссертациялык ишти Диссертациялык кеңешке сунуштоого болот.

**Ф.и.к. А.Исаева:** Диссертациялык изилдөөнүн объектисин тактап алуу зарыл. Анткени, бир диссертациялык иште мынчалык материалды камтым изилдөө мүмкүн эмес, башкача айтканда, "кучак жетпеген нерсени, кучактаганга барабар". Ошондуктан, кыргыз адабияттаануусунун пайда болушун совет мезгилинен берки чыгармачылыкты эле алган туура болот го. Анткени, фольклордон баштап, Орто кылымдагы руникалык колжазма адабиятын, Ж.Баласагындын "Кут алчу билим" манускриптик чыгармасын камтуу менен акындар поэзиясын талдоого алуу өтө эле көп маселелерди тактоого туура келет. Ж.Баласагындын өзү кыргыздарга тиешелүү экендигине ишенесизби?

Диссертациялык иште шилтемелер ушунчалык көп колдонулган, ал гана эмес өтө эле ашыкча пайдаланылган десем болот. Ошол эле учурда орток түрк адабиятын карап жатканда, анын кыргыз адабияттаануусуна канчалык деңгээлде тиешелүү экендигин так далилдөөгө жетишүү зарыл деп ойлойм. Дегеле орток түрк адабияты кыргыз адабияттаануусунун белгилүү этабын түзө алабы деген маселе турбай койбойт.

Менин оюмча кыргыз адабияттаануусунун совет мезгилиндеги учурун тандап алып жазып чыксаңыз өзүңүзгө жеңил болот деген ойдомун.

Жогорудагы сунуштарды карап көрүп, диссертациялык ишти коргоого сунуш кылсак болот.

**Ф.и.д. Н.Нарынбаева:** Мурат Садыровдун диссертациялык ишин бөлүмдө талкуулаганда бир катар сунуш-пикирлерди айткан элек. Мен өткөн талкууда айткан элем, фольклор адабиятка кирбейт деп. Бирок, диссертанттын өзү бул маселелерди далилдей ала тургандыгын айтып, бул багыттагы бир катар чет элдик жана жергиликтүү окумуштуулардын эмгектери бар экендигин айткан эле.

Бөлүмдүн талкуусунда айтылган пикирлердин үстүндө бир топ иштерди аткарып, ал маселелерге тактоолорду киргизүүгө жетишкендиги көрүнүп турат. Алсак, сөз өнөрүнүн калыптанышындагы архаикалык, мифтик жанрлардын ойногон ролу көрсөтүлүп, кыргыз элинин эпикалык поэзиясынын калыптанышындагы алардын көркөм функциялары жеткиликтүү ачылып

берилгендигин көрөбүз Атап айтканда, "Манас" үчилтиги баштаган кыргыз элинин эпикалык поэзиясынан мифологиялык сюжеттерди, мотивдерди алып таштоого мүмкүн эместигин, тескерисинче ушул компоненттер аркылуу эпикалык поэзиянын жашоо тарыхы узара тургандыгы белгиленип кетет.

Ошол эле учурда мифологиялык сюжеттер кыргыз профессионалдык адабиятынын өнүгүшүнүн белгилүү бир көркөм фактору болгондугун Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына карата айтылган А.Акматалиевдин, Л.Үкүбаева жана башкалардын пикирлери аркылуу тастыктап берет.

Толук жазылып бүткөн иш катары аталган диссертацияны коргоого сунуш кылсак болот.

**Ага илимий кызматкер Р.Эшматов:** Мураттын диссертациялык ишин окуп чыгып бизде да бир катар суроолор пайда болбой койгон жок. Иштин киришүү бөлүмү боюнча айтышты, мен иштин "Кыргыз адабияттаануусунун илимий-методологиялык маселелеринин изилдениш тарыхы" деген бөлүмүнө өзгөчө токтолуп кетким келет. Албетте, диссертант өзүнө чейинки жазылган эмгектердин бардыгын мүмкүн болушунча камтып, алардан өз оюн алып чыкканга жетишкендигин көрөбүз. Бирок, кээ бир жерлери статистикалык материалдар катары берилип калган жерлери жок эмес. Ишти окуп чыгып, өзүбүздө пайда болгон бир топ суроолорду диссертанттын сүйлөгөн сөзүнөн кийин ынанган жерибизди айтып кетким келет. Алсак, кыргыз адабияттаануусунун үч этабы элдик фольклордон башталып, Орто кылымдагы колжазма, акындар поэзиясы аркылуу уланып келип, кыргыз профессионалдык жазма адабияты калыптанып өнүгүү жолуна түшкөндүгүн далилдөөгө жетишкен десе болот.

Ар бир бапта коюлган максат-милдеттерди диссертант илимий аргументтик негизде изилдөөгө, анализдөөгө жетишкен деп толук түрдө айта алабыз. Бул диссертациялык ишти ишенимдүү түрдө коргоого сунуш кылсак болот.

**Ф.и.д. М.Көлбаева:** Диссертациялык иштин жалпы структурасы, андагы көтөрүлгөн маселелер боюнча жогоруда сүйлөгөндөр айтышты. Биз дагы бөлүмдүн талкуусунда бир катар сунуштарды айткан элек. Окумуштуулар кеңешине кайрадан алып келген вариантында өткөндө айтылган сунуш-пикирлер диссертант тарабынан эске алынып, баштан аяк кайрадан иштеп чыккандыгы көрүнүп турат. Иштин методология бөлүмү кыйла чыйрак иштелип, көптөгөн адабият окумуштууларынын эмгектери каралыпчыккан.

Иштин негизги мазмунун ачып берүү максатында 4 бапка бөлүштүрүп иштеп чыккан. Биринчи бапта изилдөөнүн методологиялык маселелери каралып чыккан. Ал эми экинчи бап болсо, фольклор, Орто кылымдагы орток

түрк колжазма адабияты жана акындар чыгармачылыгы изилдөөгө алынган. Ал эми 3-бап профессионалдык жазма адабиятынын негизги предметтери болгон адабият тарыхы, адабият теориясы жана адабият сыны талдоого алынып андан бир катар туура жыйынтыктар чыгарылган. 4-бап болсо, адабияттаануунун кошумча предметтерине арналып, фольклор менен адабияттын өз ара байланыштары, кыргыз адабий булактаануусу, билингвалык чыгармачылыгы сыяктуу маселелер каралып чыккан. Иштин корутундусунда илимий изилдөөдөн алынган жыйынтыктары, жетишилген натыйжалары көрсөтүлүп берилген десек болот.

Жогорудагы айтылган пикирлерди эске алып, диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кылсак болот.

**Ф.и.д. К.Койлубаев:** Иш абдан масштабдуу жазылып, көтөрүлгөн маселелерди акылга сиңирүүнүн өзү эле бир топ түйшүктү жаратарын айтып койсок болот. Мурат агайдын бул диссертациялык иши кыргыз адабияттаануусунун башаты болгон фольклордон тартып изилденип, анын оозекиден жазма адабиятка өтүүдөгү акындар чыгармачылыгынын өзгөчө орду бар экендиги белгиленген. Кыргыз акындар чыгармачылыгын изилдеп жүргөн адис катары, мен иштин ушул маселелерине токтолгум келет. Агай жана сүйлөгөн сөзүндө да белгилегендей, акындар поэзиясынын чыгармачылык тарыхы орто кылымдын 6-7-кылымдарында башталгандыгын белгилүү окумуштуулар В.Бернштам, М.Богдановалар XX кылымдын 40-жылдарда эле тарыхый фактылар менен далилдеп бергендигин жазат. Диссертант бул маселени андан ары терендетип, кыргыз адабиятынын оозекиден жазмага өтүүдөгү акындар поэзиясынын өзгөчө ордун белгилеп бергенге жетишет. Ал гана эмес дал ушул акынчылык, манасчылык өнөр өздөрүнүн чыгармачылык салттарын жоготпой бүгүнкү күндө да профессионалдык адабият менен эриш-аркак жашап жана өнүгүп жаткандыгын белгилейт.

Ошону менен катар кыргыз акындар чыгармачылыгынын калыптанышында орто кылымдагы Орхон-Енисей эстеликтеринин орду жана мааниси зор экендиги белгиленет. Мындайча айтканда, Энесай өрөөнүндөгү көбүнесе кыргыздарга тиешелүү делген таш жазуулардын аркасында акындар чыгармачылыгынын тарыхы бери дегенде он кылымга узарып отургандыгы белгиленет.

Кыргыз адабияттаануусунун пайда болуп өнүгүшүнүн тарыхый бардык этаптарына арналып жазылган бул диссертациялык ишти коргоого толук түрдө сунуштоого болот.

**Ф.и.к. Н.Ыйсаева:** Диссертациялык иштин структурасын бир сыйра карап чыгуу керек экен. Иштин киришүү бөлүмүн ЖАКтын жобосуна ылайык

жазып чыгуу керек. Иштин максаттары жана милдеттери 6 пункттан, коргоого коюлуучу негизги жоболор 6 пунктан турушу керек. Иштин методологиялык бөлүмү 1-бапка жылдырылып, диссертациянын темасына байланыштуу буга чейинки илимий изилдөөлөргө жалпы обзордук анализ берилип, иштин методологиясы аныкталып берилиши керек. Андан сырткары ар бир баптын корутундуларын берүүдө негизги жыйынтыктарды конкреттештирип бериш керек го. Иштин корутунду бөлүмүн толуктап жазуу керек өтө эле жалпы болуп калыптыр.

Диссертациялык иштин негизги бөлүмү болгон 3-бап дурус жазылып, каралып жаткан маселелерге карата алгылыктуу илимий-теориялык анализдер жүргүзүлгөн десек болот. Жалпы жонунан айтканда, иш жакшы деңгээлде жазылган, айтылган пикирлерди эске алуу менен ишти киргоого сунуш кылсак болот.

**Ф.и.к. Ж.Өмүралиева:** Мурат агайдын диссертациялык ишинин темасы кыргыз адабияттануусунун пайда болушу жана өнүгүшүнө арналып жазылган болсо. Бул диссертациялык иш жалпы эле адабияттаануу илиминин тарыхына арналып жазылган.

Бул диссертациялык иш кыргыз адабияттаануусунун фольклордук башаттарынан тартып анын профессионалдык адабиятка чейинки чыгармачылык процессин карап чыккан экен. Кыргыз элинин фольклордук чыгармачылыгындагы адабий салттарды ачып берүүдө, диссертант "Манас" эпосун өзөк кылып тандап алып, манасчылыктын айтуучулуктан жазма манасчылыкка өтүү процесси каралып чыккан экен. Бул маселелерди чечип берүүдө өзгөчө Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, К.Абакиров жана башка манастаанучулардын эмгектерине өзгөчө орун берген. Манасчылык өнөрдүн оозеки жана жазма салттарын ачып берүүдө С.Каралаев, Ж.Мамай, К.Атабеков сыяктуу белгилүү манасчылардын вариантары тандалып алынган жана жакшы жыйынтыктар чыгарылган.

Диссертациялык иш өз максатына жеткен жана коргоого сунуш кылсак болот.

**Ф.и.д., академик А.Акматалиев:** Мураттын докторлук диссертациясынын темасын 2004-жылы эле бекитип бергенбиз. Ошол кезде кыргыз адабиятынын тарыхынын 7 томдугу жарык көргөн учуру болчу. Эми ошол кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү улуу жана кийинки муундагы окумуштуулардын портреттеринен турган эки томдукту жазууга киришип жаткан мезгил эле. Ошол мезгилде жасалып жаткан чоң иштерге ылайык кандидаттык жана докторлук иштердин темаларын бекитип бергенбиз. «Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» деген

теманы Курманбек Абакировго, «Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» деген теманы Мурат Садыровго бергенбиз.

Бүгүн күндө иш жазылып бүтүп, өзүңөр талкуулап чыктыңар. Мен илимий кеңешчи катары бир топ сунуштарды айткам, Мурат мүмкүн болушунча бардыгын оңдоп чыкты, иш алдыга жылып жатат. Дагы бирин-экин сунуштарды айттык, силер да кээ бир ойлорду айтып жатасыңар, аны Мурат карап көрөт болуш керек.

Диссертацияны коргоого сунуш кыла берсек туура эле болот.

**Төрайым, ф.и.д. А.Кадырмамбетова:** Бардыгыңыздар белгилегендей, диссертациялык иштин темасына жараша камтылган материалдар өтө эле масштабдуу. Ушуну менен экинчи ирет талкууланып жаткан докторлук диссертация мурдакыга караганда бир топ эле кайрадан иштелип чыгып, өткөндө айтылган сунуш-пикирлер эске алынгандыгы көрүнүп турат.

Оозеки жана жазма адабияттын башатын түзгөн сөз өнөрүнө тиешелүү маселелер боюнча пикирлерди айттык эле, алар диссертант тарабынан кээ бир тактоолор киргизгендиги көрүнүп турат.

Диссертациялык иштин киришүү бөлүмүнөн тартып корутундусуна чейинки көптөгөн сунуштар эске алынып, бир кыйла дурус иштелип чыккан. Өзгөчө белгилеп койчу нерсе, иштин методологиялык бөлүмүндө адабиятты изилдөөнүн поэтикалык, герменевтикалык парадигмалары белгиленип, мурунку адабий үлгүлөр, жанрдык моделдер кийинки адабий чыгармачылыктын андан ары өнүгүшүн шарттай тургандыгы белгиленген. Мындайча айтканда, оозеки адабиятта эле адабий жанрлардын бардык үлгүлөрү, моделдери жаралып, ал жазма адабиятта андан ары өнүгүүгө ээ болгондугун жазат. Иштин мазмуну дал ушул багытта жазылып, бардык маселелер ырааттуу түрдө анализденип берилген.

Диссертант Садыров Муратбек Тентиевичтин «Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» деген докторлук диссертациясы толук жазылып бүткөн иш катары Диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кылсак болот.

**Диссертант, ф.и.к. М.Садыров:** Урматтуу кесиптештер, убакыт бөлүп биздин диссертациялык ишке карата айтылган баалуу пикирлериңиздерге, сунуштарыңыздарга терең ыраазылык билдиребиз.

**Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши Күн тартибиндеги маселени талкуулап чыгып ТОКТОМ кылат:**

1. Диссертациялык иштин мазмунуна карата айтылган сунуш-пикирлер

эске алынсын.

2. Изденүүчү Садыров Муратбек Тентиевичтин 10.01.01 - Кыргыз адабият адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү»** деген темадагы диссертациясы Диссертациялык кеңешке сунушталсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы, ф.и.д.** **Кадырманбетова А.**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы, ф.и.к.** **Качкынбай кызы А.**